# 2016-2017-ЖЫЛДАРЫ ЧЫГАРЫЛГАН КОЛДОНМОГО САЛЫШТЫРГАНДА МАЗМУНУНДАГЫ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР ЖАНА СОҢКУ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

**Шилтемелер**

Бул колдонмо Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (IAS) жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (IFRS) шилтемелерди камтыйт. Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, ФОЭС (IAS) жана ФОЭС (IFRS)ке шилтемелер билдирүүнү даярдоо күнүнө карата ФОЭС (IAS) жана ФОЭС (IFRS)ке тиешелүү. Тиешелүү түрдө, кайра каралган ФОЭС (IAS)ти же ФОЭС (IFRS)ти кийинки чыгаруу учурунда эң соңку ФОЭС (IAS)ке жана ФОЭС (IFRS)ке шилтеме талап кылынышы мүмкүн экендиги жөнүндө окурмандарга эскертилүүгө тийиш.

Бул маалымдамада «өлкө» шилтемесин «өлкө же юрисдикция» катары окуу керек.

## Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган билдирүүлөр

Бул колдонмо Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин (АИКТЭСК) сапатты контролдоо, аудит, обзордук текшерүү, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалар боюнча стандарттарынын толук топтомун, ошондой эле Аудиттин практикасы жөнүндө расмий эмес эл аралык отчетторду (АПЭО) камтыйт. Ал ошондой эле Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин билдирүүлөрүнө кириш сөздү, терминдердин глоссарийин жана башка расмий эмес материалдарды камтыйт. Ушул колдонмо 2016-2017-жылдарда чыгарылган колдонмону алмаштырат.

**Кошумчалар жана өзгөртүүлөр**

Кириш сөздүн 18-параграфында «Эгерде Эл аралык стандартта башкасы көрсөтүлбөсө, кесипкөй бухгалтерге Эл аралык стандартты анда көрсөтүлгөн күчүнө кирүү күнүнө чейин колдонууга уруксат берилет» деп айтылгандарга көңүл буруңуздар.

*Колдонмонун I бөлүгү*

АЭС 250 (кайра каралган) *«Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө мыйзамдарды жана ченемдик актыларды кароо»*

Бул колдонмо 2017-жылдын 15-декабрынан же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн күчүнө кирген АЭС 250 (кайра каралган) камтыйт.

Тиешелүү түзөтүүлөрү менен кайра каралган стандарт 2016–2017-жылдардагы колдонмонун I бөлүгүнүн 1071–1108-беттерине киргизилген. Тиешелүү түзөтүүлөр 2018-жылдагы бүткүл колдонмонун аралыгында кайчы шилтемелери жана башка тиешелүү өзгөртүүлөрү менен бирге киргизилген. Алда канча мурдагы мезгилдер үчүн колдонулган мурдагы АЭС 250 стандарты 2018-жылдагы маалымдамага киргизилген эмес.

*АЭС 540 «Адилет наркты баалоону жана маалыматты тиешелүү ачып көрсөтүүнү кошо алганда бааланууучу мааниледин аудити”*

Азыркы учурда колдонулуп жаткан АЭС 540 стандартына толуктоо иретинде ушул колдонмонун I бөлүгү 1077–1182-беттерде АЭС 540ты (кайра каралган) камтыйт. Кайра каралган стандарт 2019-жылдын 15-декабрынан же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн күчүнө кирет жана тобокелдиктерди баалоо процессинин өркүндөтүлгөн процессине, баалануучу маанилерди эсептөө учурундагы методдор, маалыматтар жана божомолдор менен алда канча тыгыз байланышка тиешелүү түзөтүүлөрдү, ылайыкташуу ой-пикирлерин жана кесипкөй скептицизмдин маанилүү экенине басым жасоону камтыйт.

Кириш сөз

Номерлерди оңдоп-түзөө үчүн кириш сөздүн номерлери 8-пункттан тартып өзгөртүлгөн. Бул башка стандарттарга таасир этпейт.

*Колдонмонун II бөлүгү*

Колдонмонун II бөлүгүндө түзөтүүлөр жок. БЭЭСКнын *Кесипкөй бухгалтерлердин этикасынын эл аралык кодексинде* мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандыкка (NOCLAR) тиешелүү жаңы талаптарга жооп иретинде түзөтүүлөр, ошондой эле кайчы шилтемелер жана башка тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.

*Колдонмонун III бөлүгү*

Колдонмонун III бөлүгүндө түзөтүүлөр жок.

**2018-жылдын 1-декабрынан кийин жарыяланган жыйынтыктоочу билдирүүлөр жана алдын ала долбоорлор**

Соңку өзгөртүүлөр жөнүндө жана 2018-жылдын 1-декабрынан кийин чыгарылган жыйынтык корутундулар же стандарттын каралып жаткан долбоорлору жөнүндө маалымат алуу үчүн www.iaasb.org дареги боюнча Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин веб-сайтына кирсеңиздер болот.